КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛООЛОРУНДА ЖАНА РЕФЕРЕНДУМДАРЫНДА ЭЛ АРАЛЫК (ЧЕТ ЭЛДИК) БАЙКООЧУЛАРДЫН МАКАМЫ, ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ ЖАНА ИШИНИН

# ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

ЖК ШАЙЛОО ВЫБОРЫ 28.11.2021

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

Бишкек - 2021

## Кыргыз Республикасынын шайлоолорунда жана референдумдарында эл аралык (чет элдик) байкоочулардын макамы, ыйгарым укуктары жана ишинин тартиби жөнүндө маалымат

Эл аралык байкоочуларды чакыруунун жана аккредитациялоонун тартиби "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Конституциялык Мыйзамдын 10-беренеси, ошондой эле БШК тарабынан бекитилген "Кыргыз Республикасынын шайлоолорунда жана референдумдарында эл аралык (чет элдик) байкоочулардын макамы, ыйгарым укуктары жана ишинин тартиби жөнүндө" Жобо аркылуу жөнгө салынат.

Ушул конституциялык мыйзамда берилген аныктамага ылайык, **эл аралык байкоочу** - мыйзамда белгиленген тартипте Кыргыз Республикасында шайлоого даярдык көрүүгө жана өткөрүүгө байкоо жүргүзүү укугуна ээ болгон чет өлкөлүк же эл аралык уюмдун өкүлү болгон адам;

2021-жылдын 28-ноябрында Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоого даярдык көрүүгө жана өткөрүүгө байкоо жүргүзүү үчүн КР БШК бир катар эл аралык уюмдарга: КМШнын Аткаруу комитетине, ШКУга, ЕККУ/ДИАУБ, ИКУ, ТТӨКК, Дүйнөлүк, Азия жана Европа шайлоо органдарынын ассоциацияларына, ошондой эле чет мамлекеттердин бир катар шайлоо комиссияларына чакырууларды жиберди.

Жогорку Кеңеш аркылуу парламенттер аралык ассоциацияларга, атап айтканда КМШ ПАА, ЖККУ ПА, ЕККУ ПА, Европа Кеңешинин ПА, Европа Парламентине жана Түрк ПАга чакыруулар жөнөтүлдү.

Тышкы иштер министрлиги Кыргыз Республикасында аккредитацияланган дипломатиялык жана консулдук корпуска, анын ичинде резиденциясы башка мамлекеттерде жайгашкандарга да чакыруу жөнөтөт. Тышкы иштер

министрлиги ошондой эле чет элдик маалымат каражаттарына шайлоо процессинин жүрүшүн маалымат каражаттарында чагылдыруу үчүн чакырууларды жөнөтөт.

Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоодо эл аралык байкоочуларды аккредитациялоого келип түшкөн арыздарды кароого жараша, БШК тиешелүү чечимдерди кабыл алат жана маалыматты БШКнын расмий сайтындагы “Эл аралык байкоочулар” бөлүмүнө өз убагында жайгаштырат: https://shailoo.gov.kg/

**Кыргыз Республикасынын шайлоолорунда жана референдумдарындагы эл аралык (чет элдик) байкоочулардын макамы, ыйгарым укуктары жана иш тартиби жөнүндө" Жобо**

*(БШКнын 2016-жылдын 9-ноябрындагы №197 токтому менен бекитилген)*

## 1.Жалпы жоболор

1.1. "Кыргыз Республикасынын шайлоолорунда жана референдумдарында эл аралык (чет өлкөлүк) байкоочулардын макамынын, ыйгарым укуктарынын жана ишинин тартиби жөнүндө" бул Жобо (мындан ары - Жобо) шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүүдө жекече, байкоочулардын курамында, ошондой эле байкоо жүргүзүү боюнча эл аралык миссиянын курамында байкоо жүргүзө турган эл аралык байкоочулардын макамын, ыйгарым укуктарын жана иштөө тартибин аныктайт.

1.2. Бул Жобо шайлоолорду жана референдумдарды уюштуруу жана өткөрүү боюнча эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерин жана ченемдерин эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарынын жана ченемдик укуктук актыларынын, Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдеринин негизинде иштелип чыккан.

1.3. Эл аралык байкоочу - мыйзамда белгиленген тартипте Кыргыз Республикасында шайлоого даярдык көрүүгө жана өткөрүүгө байкоо жүргүзүү укугуна ээ болгон чет өлкөлүк же эл аралык уюмдун өкүлү болгон адам.

1.4. Эл аралык байкоочу мыйзамда белгиленген тартипте Кыргыз Республикасында шайлоолордун жана референдумдардын даярдалышына жана өткөрүлүшүнө байкоо жүргүзүүгө укуктуу, Кыргыз Республикасынын жараны болбогон чет өлкөлүк же эл аралык уюмдун өкүлү болушу мүмкүн.

## 2. Эл аралык байкоочуларды чакыруу тартиби

2.1. Эл аралык байкоочулар “Кыргыз Республикасынын Президентин жана КР Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө”, “Кыргыз Республикасынын референдуму жөнүндө” Конституциялык Мыйзамдарга, “Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоо жөнүндө” мыйзамга ылайык тартип боюнча Кыргыз Республикасынын территориясына кирүүгө уруксат алышат жана ушул Жобонун 3-пунктунда көрсөтүлгөн документтери жана тиешелүү чакыруусуна жараша Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынан (мындан ары – Борбордук шайлоо комиссиясы) аккредитациядан өтүшөт.

2.2. Чакыруу Кыргыз Республикасында шайлоо жана референдум дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети, Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан жөнөтүлүшү мүмкүн.

2.3. Чакыруу сунуштары шайлоо мыйзамдары жана шайлоолор боюнча адистешкен, ошондой эле адам укугун коргоо жаатындагы эл аралык жана улуттук коммерциялык эмес уюмдар тарабынан берилиши мүмкүн.

2.4. Борбордук шайлоо комиссиясы чет мамлекеттердин Борбордук шайлоо органдарына, ошондой эле шайлоо мыйзамдары жана шайлоо, жарандардын шайлоого жана референдумга катышуу укуктарын коргоо боюнча адистешкен эл аралык уюмдарга, анын ичинде шайлоону уюштуруучулардын эл аралык ассоциацияларына чакыруу жиберет.

2.5. Чакыруулар “Кыргыз Республикасынын тышкы саясат чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдардын өз ара аракети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги аркылуу жөнөтүлөт.

## 3. Аккредитациялоонун тартиби

3.1. Аккредитациялоо үчүн Президент, Жогорку Кеңеш, Министрлер Кабинети тарабынан жиберилген чакырууну алган чет өлкөлүк жана эл аралык уюмдар Борбордук шайлоо комиссиясына эл аралык байкоочу катары аккредитациялоо жөнүндө арызды, алардын өкүлдөрүнүн тизмесин, ошондой эле ким экендигин ырастоочу документтердин көчүрмөлөрүн беришет.

3.2. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги эл аралык байкоочу катары аккредитациялоого документтер келип түшкөн учурда, бул Жобонун талаптарына ылайыктуулугун текшергенден кийин Борбордук шайлоо комиссиясына тапшырат.

3.3. Чет элдик жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү Борбордук шайлоо комиссиясынын токтому менен аккредитацияланат. Аккредитацияланган эл аралык байкоочулардын тизмеси расмий сайтта жайгаштырылат.

3.4. Борбордук шайлоо комиссиясы аккредитацияланган адамга кабыл алынган үлгүдөгү эл аралык байкоочунун күбөлүгүн берет же аккредитациядан жүйөлүү баш тарта турганын билдирет.

3.5. Күбөлүк эл аралык байкоочуга ушул бөлүмдүн 3.7-пунктунда көрсөтүлгөн мөөнөттө өз ишин жүзөгө ашырууга укук берет.

3.6. Эл аралык байкоочуларды аккредитациялоо процедурасы шайлоо жана референдум өткөрүү күнү расмий дайындалгандан кийин башталат жана добуш берүү күнүнө 3 күн калганда аяктайт.

3.7. Эл аралык байкоочунун ыйгарым укуктары Борбордук шайлоо комиссиясында аккредитацияланган күндөн башталат, шайлоонун жана референдумдун жыйынтыктары расмий жарыяланган күнү аяктайт.

Кайталап добуш берүү дайындалган учурда, мурда аккредитацияланган эл аралык байкоочунун аккредитациясы талап кылынбайт, алардын ыйгарым укуктары кайра добуш берүүнүн жыйынтыктары расмий жарыяланган күнү токтотулат.

3.8. Кыргыз Республикасынын шайлоолорунда жана референдумдарында эл аралык (чет өлкөлүк) байкоочунун аккредитациясы үчүн күбөлүктөрдүн жана арыздардын үлгүлөрү Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилет.

3.9. Борбордук шайлоо комиссиясы эл аралык байкоочуну аккредитациялоодон баш тартууга укуктуу, эгерде:

– байкоочуну байкоо жүргүзүүгө жиберген чет өлкөлүк же эл аралык уюмдун укук жөндөмдүүлүгү жок болсо;

– аккредитациялоо үчүн ушул Жободо белгиленген документтерди бербөө же аларды толук эмес же так эмес маалыматтар менен берилсе;

– эгерде чет өлкөлүк, эл аралык уюмдун уставдык максаттары же Кыргыз Республикасынын аймагында болуу жана ишмердүүлүк максаттары Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана мыйзамдарына каршы келсе же эгемендүүлүккө, коопсуздукка, аймактык бүтүндүккө жана улуттук кызыкчылыктарга коркунуч келтирсе;

– эгерде эл аралык байкоочу мурда Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын, эл аралык укуктук актыларды же байкоо жүргүзүүнүн эл аралык принциптерин одоно бузгандыгына байланыштуу аккредитациядан ажыратылган болсо.

## 4. Эл аралык байкоочулардын ыйгарым укуктары жана ишинин тартиби

4.1. Шайлоолорго жана референдумдарга байкоо жүргүзүүчү эл аралык байкоочулардын иши шайлоо мыйзамдары менен жөнгө салынат.

4.2. Эл аралык байкоочунун ишмердүүлүгүн материалдык жана финансылык колдоо жөнөткөн тараптын эсебинен же байкоочунун жеке каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырылат.

4.3. Эл аралык байкоочу Кыргыз Республикасынын бардык деңгээлдеги шайлоо комиссияларына жана мамлекеттик бийлик органдарына, башка мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына барганда, Борбордук шайлоо комиссиясы берген эл аралык байкоочунун күбөлүгүн жана анын ким экендигин ырастоочу документти тагынып жүрүүгө тийиш жана аны шайлоолорду жана референдумдарды уюштуруучулардын талабы боюнча көрсөтөт.

4.4. Эл аралык байкоочулар төмөнкүлөргө укуктуу:

1) ээн -эркин жүрүүгө жана каалаган шайлоо участкасында болууга;

2) шайлоолорго жана референдумдарга байкоо жүргүзүү учурунда каалаган шайлоо участогунда өзүн коштоп жүрүүчү котормочу менен камсыздоого;

3) шайлоолорду жана референдумдарды даярдоо жана өткөрүү боюнча өз пикирин ачык билдирүүгө;

4) басма сөз жыйындарын өткөрүүгө жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө кайрылууга;

5) добуш берүүнүн купуялуулугун бузбастан сүрөткө тартуу, видеого тартуу, аудиожазуу жүргүзүүгө;

6) макамын, аты-жөнүн, алар өкүлү болгон уюмдун атын көрсөтүү менен шайлоо алдындагы үгүт иштеринин белгилери жок төш белгилерди тагынууга;

7) каалаган деңгээлдеги шайлоо комиссиясынын курамын түзүүгө байкоо жүргүзүүгө;

8) шайлоочулардын тизмесин түзүүнүн жүрүшүнө байкоо жүргүзүүгө;

9) шайлоочуларды каттоонун жүрүшүнө байкоо жүргүзүүгө;

10) шайлоолорду жана референдумдарды маалыматтык камсыздоого байкоо жүргүзүүгө;

11) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка аракеттерди жасоого.

Эл аралык байкоочулар шайлоочулар, талапкерлердин тизмесине кирген талапкерлер, саясий партиялар, шайлоонун жана референдумдун башка катышуучулары менен жолугушууга; шайлоо комиссияларынын жыйындарына катышууга жана шайлоо документтери менен таанышууга, шайлоо участкаларында болууга, добуш берүүнү, анын ичинде техникалык каражаттарды колдонууга, добуштарды эсептөөгө жана шайлоонун жыйынтыктарын аныктоого, арыздарды жана даттанууларды кароонун жыйынтыктары менен таанышууга, шайлоо документтеринин көчүрмөлөрүн алууга, шайлоонун жана референдумдун жыйынтыктары боюнча бүтүмдөрдү берүүгө укуктуу.

4.5. Эл аралык байкоочулар милдеттүү:

– Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын; “Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигине мүчө мамлекеттердеги демократиялык шайлоолордун, шайлоо укуктарынын жана эркиндиктеринин стандарттары жөнүндө Конвенциянын” жоболорун, башка эл аралык документтерди сактоого;

– саясий бейтараптуулукту, калыстыкты, Кыргыз Республикасынын улуттук суверенитетин урматтоо принциптерин жетекчиликке алып, шайлоо органдарына, мамлекеттик жана башка органдарга, кызмат адамдарына, шайлоолорго жана референдумдарга катышуучуларга карата кандайдыр бир артыкчылыктарды же баа берүүдөн баш тартуу менен өз функцияларын аткарууга;

– шайлоонун бардык этаптарындагы, анын ичинде добуш берүүдөн кийинки процесске кийлигишпөөгө;

– бардык өз тыянактарын байкоолор жана факты жүзүндөгү материалдарга негиздөөгө;

– добуш берүү аяктаганга чейин ЖМК жана коомчулуктун өкүлдөрүнө өзүнүн байкоолоруна байланыштуу кандайдыр бир баа берүүдөн, эскертүү берүүдөн жана сунуштарды айтуудан баш тартууга.

4.6. Бул Жобого ылайык, эл аралык байкоочулар өз макамын шайлоолорду жана референдумдарды даярдоого жана өткөрүүгө байкоо жүргүзүү менен байланышпаган иштерде пайдаланууга укуксуз.

4.7. Борбордук шайлоо комиссиясы байкоочу бул Жобону, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерин жана ченемдерин бузган учурда, ошондой эле аны жөнөтүүчү уюмдун жазуу жүзүндөгү арызы боюнча жана же эл аралык байкоочунун өзүнүн арызы менен анын аккредитациясын чакыртып алууга укуктуу.

4.8. Кыргыз Республикасынын аймагында эл аралык байкоочу Кыргыз Республикасынын коргоосу алдында болот. Шайлоо комиссиялары, мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өз компетенциясынын чегинде ага зарыл болгон жардам көрсөтүүгө милдеттүү.

4.9. Эл аралык байкоочулардын укуктарын бузган адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

2. Эл аралык байкоочунун ыйгарым укуктарынын мөөнөтү Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аккредитацияланган күндөн башталат жана шайлоонун жыйынтыктары расмий жарыяланган күнү аяктайт.

3. Эл аралык байкоочулар эркин жүрүүгө жана каалаган шайлоо участкаларында жана шайлоо комиссияларында болууга укуктуу.

4. Эл аралык байкоочулар төмөнкүлөргө укуктуу:

1) шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча өз пикирин ачык билдирүүгө;

2) басма сөз жыйындарын өткөрүүгө жана жалпыга маалымдоо каражаттарына кайрылууга;

3) добуш берүүнүн купуялуулугун бузбастан сүрөткө тартуу, видеого тартуу, аудиожазууну жүргүзүүгө;

4) макамын, аты-жөнүн, өзү өкүлү болгон уюмдун атын көрсөтүү менен шайлоо алдындагы үгүт иштеринин белгилери жок төш белгилерди тагынууга;

5) каалаган деңгээлдеги шайлоо комиссиясынын курамынын түзүлүшүнө байкоо жүргүзүүгө;

6) шайлоочулардын тизмесин түзүүнүн жүрүшүнө байкоо жүргүзүүгө;

7) шайлоочуларды каттоонун жүрүшүнө байкоо жүргүзүүгө;

8) шайлоонун маалыматтык камсыздалышына байкоо жүргүзүүгө.

5. Эл аралык байкоочулар өз макамын шайлоого даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча байкоо жүргүзүү менен байланышпаган иш -чараларда пайдаланууга укуксуз.

6. Борбордук шайлоо комиссиясы конституциялык мыйзамды, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузган учурда эл аралык байкоочунун аккредитациясын чакыртып алууга укуктуу.

7. Эл аралык байкоочулардын иши шайлоо мыйзамдары менен жөнгө салынат.

## 2011-жылдын 2-июлундагы №68 “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Конституциялык Мыйзамынан үзүндүлөр

*(Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 25-ноябрындагы №221, 2015-жылдын 23-апрелиндеги №88, 2017-жылдын 5-июнундагы №96, 2019-жылдын 8-августундагы №116, 2020-жылдын 30-июнундагы №68, 2020-жылдын 11-ноябрындагы №2, 2021-жылдын 15-июлундагы №84, 2021-жылдын 26-августундагы №103 Конституциялык Мыйзамдардын редакцияларында)*

**8 -берене. Шайлоо процессиндеги ачыктык**

1. Шайлоону уюштуруу жана өткөрүү ачык айкын жүзөгө ашырылат.

2.Тийиштүү шайлоо комиссиясынын жыйындарына жогору турган шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, талапкерлер, талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрү, ошондой эле байкоочулар, **эл аралык байкоочулар** жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү катышууга укуктуу.

**10-берене. Эл аралык байкоочулар**

1. Шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыялангандан кийин Президент, Жогорку Кеңеш, Министрлер Кабинети, Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан жиберилген чакыруу болсо, эл аралык байкоочулар Борбордук шайлоо комиссиясында аккредитацияланышат. Чакыруу сунуштары шайлоо мыйзамдары жана шайлоолор боюнча, ошондой эле адам укуктарын коргоо жаатында адистешкен эл аралык жана улуттук коммерциялык эмес уюмдар тарабынан берилиши мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын жарандары эл аралык байкоочу катары аккредитацияланбайт.

**22-берене. Шайлоочуларга маалымат берүү жана шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү**

15. Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматкерлер, Жогорку Кеңештин депутаттарынан тышкары мамлекеттик саясий кызматтарды ээлеген адамдар, жергиликтүү кеңештердин депутаттарынан тышкары атайын мамлекеттик жана саясий муниципалдык кызматтардагы адамдар, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, байкоочулар, **эл аралык байкоочулар**, диний ишмерлер, кайрымдуулук иштери менен алектенген уюмдардын негиздөөчүлөрү жана мүчөлөрү, 18 жашка чейинки адамдар, чет өлкөлүк жарандар жана уюмдар, жарандыгы жок адамдар, аймактык коомдук өз алдынча башкаруунун кызматкерлери **үгүт жүргүзүүгө, ар кандай үгүт материалдарын чыгарууга жана таратууга укуктары жок.**

**39-берене. Добуш берүүнүн натыйжасын жана шайлоонун жыйынтыгын жарыялоо**

1. Шайлоо комиссиясынын иши тараган **ар бир шайлоо участогу, аймагы боюнча добуш берүүнүн жыйынтыгы,** Борбордук шайлоо комиссиясынын жана түздөн-түз төмөнкү шайлоо комиссияларынын протоколдорунда камтылган шайлоо округу боюнча шайлоолордун жыйынтыгынын маалыматтар көлөмү, шайлоочуларга, талапкерлерге, талапкерлердин өкүлдөрүнө, саясий партияларга, байкоочуларга, **эл аралык байкоочуларга**, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө алардын талабы боюнча **таанышуу үчүн берилет.**

# Борбордук шайлоо комиссиясынын маалымат ресурстары

БШК расмий сайты - **http://shailoo.gov.kg**
Портал учурдагы окуялар, шайлоо процесси, жыйындар, жоболор, КР БШК курамы тууралуу маалымат берет.

Маалыматтык шайлоо системасы
**– http://ess.shailoo.gov.kg/**
Ресурс өткөн жана учурдагы шайлоолордогу добуш берүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча маалымат берет.

Кол менен эсептөөчү протоколду графикалык чагылдыруучу жана идентификациянын жыйынтык отчетунун сайты
**- http://protocol.shailoo.gov.kg/**
Ресурс өткөн жана учурдагы шайлоолордун сканерленген АЭУ жана кол менен эсептөө протоколдорун алууга жол берет.

“Тизме” - **https://tizme.gov.kg/** порталы
Шайлоочулардын тизмеси жөнүндө маалыматты облустардын бөлүнүшүнө, гендерге жана жаш курагы боюна топторго жараша камтыган КР БШК ресурсу

Шайлоо участокторунун картасы
**- https://shailoo.gov.kg/kg/map/**

Даттануулар жана кайрылуулар ресурсу
**- https://shailoo.gov.kg/kg/registry/**
Шайлоо комиссияларына (БШК, АШК, УШК) берилген даттануулар, арыздар жана алар боюнча кабыл алынган чечимдер, сот актылары менен таанышуучу БШК ресурсу .

“Талапкер” маалымат ресурсу
- http://talapker.shailoo.gov.kg/
Ресурста талапкерлер жөнүндө маалыматтар бар

Telegram

Instagram

Youtube

Facebook

## БШКнын байланыш даректери

| № каб. | Аты-жөнү | Кызматы | Телефон, емейл |
|---|---|---|---|
| 207 | Төлөгөн Оросқулович **Айтикеев** | Шайлоо процессин уюштуруу башкармалыгынын башчысы | 0312-623-569 aitikeev@shailoo.gov.kg |
| 212 | Махабат Дүйшөнбековна **Кожокеева** | Шайлоолорду уюштуруу бөлүмүнүн башчысы | 0312-620-829 kmahabat@shailoo.gov.kg |
| 104 | Бермет Нарынбековна **Дюшенбиева** | Шайлоо процессинин катышуучулары менен иштешүү жана окутуу методологиясы бөлүмүнүн башчысы | 0312- 620-171 bermet@shailoo.gov.kg |
| 107 | Руслан Раимович **Изреков** | Маалымат бөлүмүнүн башчысы | 0312-665-452 pressa@shailoo.gov.kg, pr.shailoo@gmail.com |
| 210 | Медина Мирлановна **Кутбердиева** | Укуктук камсыздоо бөлүмүнүн башчысы | 0312-660-143 kutberdieva@shailoo.gov.kg |
| 212 | Аскар Жусупбаевич **Акимбаев** | Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар башкармалыгынын башчысы | 0312-620-825 ascar@shailoo.gov.kg |

## БШКнын байланыш даректери

| | | | |
|---|---|---|---|
| 211 | Улан Орозович **Мурзаев** | Программалык-техникалык камсыздоо жана маалыматтардын коопсуздугу бөлүмүнүн башчысы | 0312-626-287 ulan@shailoo.gov.kg |
| 211 | Аскарбек Сулайманович **Эрназаров** | Маалыматтык шайлоо системасы бөлүмүнүн башчысы | 0312-660-157 askarbek@shailoo.gov.kg |
| 211 | Максатбек Асыкбекович **Токеев** | АЭУ эксплуатациялоо бөлүмүнүн башчысы | 0312-660-152 maksat@shailoo.gov.kg |
| 109 | Гүлсара Кудайбергеновна **Дюшембаева** | Пландоо, эсептөө, отчеттуулук бөлүмүнүн башчысы | 0312-660-261 gulsara@shailoo.gov.kg |
| 309 | Чинара Советовна **Исмаилова** | Коорупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүл | 0312-626-324 chinarasiren.com@gmail.com |
| 105 | Чынара Бердишалиевна **Алыбаева** | Иш кагаздары секторунун башчысы | 0312-626-285 document@shailoo.gov.kg |
| 202 | Людмила Амантаевна **Кутуева** | Эл аралык кызматташтык бөлүмүнүн эксперти | 0312-620-828 kutueva@shailoo.gov.kg |

## БШКнын жумушчу топторунун байланыштары

| № | Жумушчу тобу | Жумушчу топтордун жетекчилери жана катчылары | Байланыштар |
|---|---|---|---|
| 1. | Шайлоо жана референдум учурунда шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка катышуучуларынын арыздарын жана даттанууларын кароо боюнча | **Кайрат Адамкалиевич Маматов –** БШК мүчөсү, жумушчу топтун жетекчиси<br><br>**Медина Мирлановна Кутбердиева** – БШК аппаратынын укуктук камсыздоо бөлүмүнүн башчысы, жумушчу топтун катчысы | (0312) 66-02-86<br><br>(0312) 66-01-43<br>(0312) 62-01-84 |
| 2. | Шайлоочуларга жана шайлоо процессинин башка субъекттерине маалымат берүү жана үгүт жүргүзүү эрежелери боюнча | **Узарбек Казиевич Жылкыбаев** – БШК мүчөсү, жумушчу топтун жетекчиси<br><br>**Нургуль Кадырбек кызы** – БШК аппаратынын маалымат бөлүмүнүн эксперти, жумушчу топтун катчысы | (0312) 62-63-38<br><br>(0312) 66-54-52 |
| 3. | БШКнын ыкчам аракет кылуучу координациялык тобу (ЫАККТ) | **Тынчтык Ураимович Шайназаров** – БШК төрайымынын орун басары, ЫАККТ жетекчиси<br><br>**Айзада Махмутовна Кобукеева** – БШК аппаратынын иш кагаздары секторунун жетектөөчү адиси, ЫАККТ катчысы | (0312) 66-03-19<br><br>(0312) 62-63-24 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4. | Контролдук-ревизиондук топ | **Искендер Төрөбаевич Гайпкулов** – БШК мүчөсү, жумушчу топтун жетекчиси<br><br>**Милана Бактыбековна Жумаева** – ишке тартылган адис, жумушчу топтун катчысы | (0312) 66-01-09<br><br><br><br><br>(0312) 66-01-18 |
| 5. | Чет өлкөдө убактылуу жашаган же жүргөн Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо укуктарын камсыз кылуу боюнча | **Анар Сартбаевна Дубанбаева** – БШК мүчөсү, жумушчу топтун жетекчиси<br><br>**Арсланбек Таалайбекович Уметалиев –** БШКнын эл аралык кызматташтык бөлүмүнүн башчысы, жумушчу топтун катчысы | (0312) 62-01-51<br><br><br><br><br>(0312) 62-08-28 |
| 6. | Кыргыз Республикасынын мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарынын шайлоо укуктарын ишке ашыруусун жакшыртуу боюнча | **Акбалык Калыевна Жумалиева** – БШК мүчөсү, жумушчу топтун жетекчиси<br><br>**Айнагуль Рысбаевна Шералиева** – БШК МШС башкармалыгынын бөлүмүнүн системдик администратору, жумушчу топтун катчысы | (0312) 62-01-51<br><br><br><br><br>(0552) 45-15-21<br>(0777) 45-15-21 |
| 7. | Маалыматтык шайлоо системасын программалык камсыздоону жана АЭУну өркүндөтүү боюнча | **Марс Дамирович Наспеков** – БШК мүчөсү, жумушчу топтун жетекчиси<br><br>**Аскар Жусупбаевич Акимбаев** – БШК МКТ башкармалыгынын башчысы, жумушчу топтун катчысы | (0312) 66-02-86<br><br><br><br><br>(0312) 62-08-25 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 8. | Бирдиктүү жана бир мандаттуу округдар боюнча шайлоочулардын тизмесин түзүү боюнча | **Тынчтык Ураимович Шайназаров** – төрайымдын орун басары, жумушчу топтун жетекчиси<br>**Аскар Жусупбаевич Акимбаев** – БШК МКТ башкармалыгынын башчысы, жумушчу топтун катчысы | (0312) 66-03-19<br>(0312) 62-08-25 |
| 9. | Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоодо шайлоо округдарын түзүү боюнча мекемелер аралык жумушчу топ | **Абдыжапар Гапырович Бекматов** – БШК мүчөсү, жумушчу топтун жетекчиси<br>**Махабат Дүйшөнбековна Кожокеева** – БШКнын шайлоолорду уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, жумушчу топтун катчысы | (0312) 62-62-90<br>(0312) 62-08-29 |
| 10. | Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо учурунда талапкерлер жана саясий партиялар тарабынан тапшырылган шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча | **Нурлан Чокоевич Койчукеев** – БШК мүчөсү, жумушчу топтун жетекчиси<br>**Махабат Дүйшөнбековна Кожокеева** – БШК аппаратынын шайлоолорду уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, жумушчу топтун катчысы | (0312) 66-01-91<br>(0312) 62-08-29 |